*УДК.811.581:811.161.1*
*DOI: 10.35254/bhu/2022.59.46*

***Токтобаева А.Т.***
*К. Карасаев атындагы БМУ*

# «СУЛУУЛУК» ЦАЙ ЙИНИН ЭСТЕТИКАЛЫК КАТЕГОРИЯ ЖАНА БААЛУУЛУК КАТАРЫ ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНДӨ


### *Кыскача мазмун*

*Макалада автор атактуу кытай окумуштуусу, философ, тилчи Цай Идин «сулуулук» категориясы боюнча философиялык теориясын карайт. Цай И өзүнүн изилдөөсүндө «сулуулук» бул объективдүү реалдуулук же бул объективдүү чындыктын биздин субъективдүү аң-сезимибиздеги чагылышы деген теорияны алдыга койгон. Цай Йи сулуулук жөнүндөгү талкууларында марстык баалуулуктар теориясына таянат, бул үчүн материя менен рухтун биринчилиги жөнүндөгү суроого жооп берүү маанилүү болгон. Жазуучу Цай И маркстик философияны негиз кылып алып, сулуулук эстетикалык категория катары кубулуштарды жеткилеңдиктин көз карашынан мүнөздөйт, башкача айтканда, эң жогорку эстетикалык баалуулукка ээ деген теорияны алдыга койгонуна токтолот.*


***Негизги сөздөр:*** *сулуулук, идеал, сулуулук эстетикасы, сулуулук түшүнүгү, искусство, идея, объективдүү сулуулук, субъективдүү сулуулук.*

# «КРАСОТА» КАК ЭСТЕТИЧЕСКАЯ КАТЕГОРИЯ И ЦЕННОСТЬ В ИССЛЕДОВАНИЯХ ЦАЙ ЙИ


### *Аннотация*

*В статье автор рассматривает философскую теорию известного китайского ученого, философа, языковеда Цай И о категории “красота”. В своих исследованиях Цай И выдвигал теорию о том, что “красота” – это объективная реальность, или отражение в нашем субъективном сознании этой объективной реальности. В своих рассуждениях о красоте Цай И опирается на марсистскую теорию ценностей, для которой было важно ответить на вопрос о первичности материи, а не духа. Автор акцентирует внимание на том, что Цай И, взяв за основу марксистскую философию, выдвинул теорию о том, что красота, как эстетическая категория, характеризует явления с точки зрения совершенства, то есть, она обладает высшей эстетической ценностью.*


***Ключевые слова:*** *красота, идеал, эстетика красоты, понятие красоты, искусство, идея, объективная красота, субъективная красота.*

# «BEAUTY» AS AN AESTHETIC CATEGORY AND VALUE IN THE RESEARCHES OF CAI YI


### *Abstract*

*In the article, the author considers the philosophical theory of the famous Chinese scientist, philosopher, linguist Cai Yi about the category “beauty”. In his researches, Cai Yi put forward the theory that “beauty” is an objective reality, or a reflection in our subjective consciousness of this objective reality. In his reasoning’s about beauty, Cai Yi relies on the Marxist theory of values, for which was important to answer the question of the primacy of matter and spirit. The author focuses on the fact that Cai Yi, who took Marxist philosophy as a basis, put forward the theory that beauty, as an aesthetic category, characterizes phenomena from the point of view of perfection, so that, it has the highest aesthetic value.*


***Key words:*** *beauty, ideal, aesthetics of beauty, concept of beauty, art, idea, objective beauty, subjective beauty.*

ЦАЙ Инин чыныгы аты –Цай Гуаньань, ал 1906-жылы 2 июньда Хунань првинциясынын Ю уездинде туулган. 1921-жылы Чан округундагы Чанша шаарынын орто мектебине кирет. 1925-жылы экзамен тапшырат да, Пекин университетинин даярдоо курсуна кирет. 1927-жылы академиялык отпуск алып, түштүкө жөнөйт,кийинчерээк өзүнүн Хунанына келет. 19290жылы Жапонияга барат, башында Токиодогу Жогорку педагогика окуу жайына кирет, кийин Кюсю аралындагы Императодук улуттук университетке которулат. 1937-жылы окууну аяктап мекенине кайтат, жапондорго каршы согушка катышат,Го Можунун жетекчилиги астындагы саясий департаменнттин үчүнчү башкармалыгында иштейт [1, 276-бет] . Көптөгөн иш чараларга катышып, көптөгөн сыйлыктардын ээси болгон.

Цай И жаш кезинде романдарды жазган, 40-жылдарда “Азыркы стиль жөнунүндө сынчыл ойлор жыйнагы”,”Реализм маселелери жөнүндө ойлор” эмгектериэки бөлүгү жарыяланган,50-жылдары “Реализм маселелери жөнүндө сынчыл ойлор” эмгектери, анын редакциялоосу менен “Адабият таанууга киришүү” деген жыйнак жарык көргөн. 80-жылдардан кийин эки бөлуктөн турган “Эстетикалык чыгармаларынынын биринчи чыгарылышы” жана “Эстетикалык принциптердин негизги тезистери” түзүлүп жана басылып чыккан[2] .

Цай И марксизмдин эстетикалык теориясынын бе-

рилген теориятиги болчу, аны кытай-мкрксизм эстетикасынын “биринчи насаатчысы” десе болот. Ал марксизм жаштайынан аң-сезимдүү түрдө умтулган, социолисттик курулуш жөн ундо кыялданган. Анын теориясы идеялык жактан да жана практикалык жактан да мамалекеттик теориянын чыныгы жан тартуучусу, сакчысы жана тартуучусу катары көрүүчү.Цай Инини эстетикалык теориясы Кытайда эстетиканы изилдөөнүннегизин 20 кылымдын экинчи жарымында түптөлдү[3, 322-бет].

1947-жылы Цай И Шанхай басмасында “Жаңы эстетика” деген эмгегин басып чыгарды. Бул эстетика маселелери марксистик системанын негизинде изилденген Кытайдагы биринчи эмгек болчу. “Жаңы” деген сөз “марксисттик” дегенди түшүндүрөт.

Бул китепте Цай И биринчи кезекте тарыхый матреализмдин позициясынан чыгат, ал тыкан талдап чыкты да, ошол кезде Кытайда кеңири таралган эстетикалык теорияларды жана идеологияны сынга алды[4, 152-бет]. Ал жаш Чжу Гуанциянга күчтүү таасир калтырган эстетикалык кубулуштарды анализдеп эле тим болбостон ошону менен бирге Платондон тартып,Спенсерди,Проссту, Тэнди, Гердерди, Фехнерди жана ал турсун,россиялык Плехоновду,советтик кытай Фэн Юланды айрым талдап чыкты. Ал тигилердин теорияларын талдап чыкты, ал метафизикалык эстетикабы же эксперименталдык теориясыбы жана ошонун негизинде өзүнүн марксисттик эстетикалык көз караштарын алып чыкты, эстетикалык батыштын теорияларынын жана идеологияларынын жана идеологияларынын жыйынтыгын чыгарды.

“Жаңы эстетикада” биринчи эстетикалык маселе көтөрүлдү, ал мына:”сулуулук категориясы – бул обьективдүү чындыкпы же субьективдүү көрүнүшбү”. Бул формулировка марксисттик философиясынын негизги маселесине окшош: “Эмне биринчи, материябы же рухпу”[5].

Марксизм боюнча материя биринчи, рух экинчи, материя рухтук дүйнөнү аныктайт. Ошондуктан Цай И ишенимдүү түрдө жарыя кылды: Сулуулук-баарыдан мурда обьективдүү чындык, сулуулуктун маңызын түшүнүүчү жалгыз туура жол0 обьективдүү чындыктан чыгуу. Ал мындай дейт: “Мен сулуулук обьективдүү реалдуу заттарда же кубулуштарды болот деп эсептейм. Эстетикалык сезимдердин булагы реалдуу предметтердин сулуулугу болуп саналат жана ошол эле-искусствонун сулуулугун булагы. Ошондуктан эститиканын чыныгы жолу реалдуу заттардын сулуулугун изилдөөдөн,сулуулуктун маңызына жетүүдөн башталат”.

Сулуулуктун маңызы обьективдүү,субьективдүү эмес. Заттардын сулуулугунун себеби алардын өзүндө жана биздин аң-сезимибиздин иши менен байланышпайт.

Эстетикалык сезим экинчи,заттардын сулуулугун сезүү жана ойлонуу субьективдүү “өз каалоолрубуздун толук каанатадырылгандагы убактылуу кубанычынан келип чыгат”. А эл эми “сулуулуктун концепсиясы деп аталган булак, идеалист-эстеттер же искусствонун теориктери бирдей ойлошкондой, эң жогорку идеяда же обсолюттук рухта эмес[6, 224-бет]. Тескерисинче, анын булагы обьективдүү реалдуулуктун көчүрмөсү, башкача айтканда аны таанып-билгендик”. Ошондуктан “эстетиканын бардык областындагы үч аспект-сулууктун болгондугу,сулуулукту таанып-билүү жана сулууктун болгондугу-обьективдүү сулуулук. Экинчи, сулуулукту таанып-билүү-сулуулук сезими. Үчүнчү, сулууктун жаратуу-искусство. Сулууктун болгондугу-бардык эстетикалык областарда негизги нерсе, элден мурда сулуулуктун болгондугун аңдап-билүү керек, ошондон кийин гана анын аңдап-билингендигин түшүнүүгө болот жана ушундан кийин гана-аны жаратууга болот”.

Бул заттардын биринчилик маңызы жөнүндөгү марксисттик философия бүтүндөй “Эстетиканын” мазмунуна сиңген[7, 41-64 -бет ] .

Конкреттүү түрдө деги бул сулуулук деген эмне. “Жаңы эстетика” ага мындайча жооп берет:“сулуу заттар ар кандай универсалдуулукту көрсөткөн идеалдуу, айрым заттар. Сулуулуктун маңызы типтүүлүк. Башкача айтканда ар кандай түрдөгү универсалдуулук, ал айрым эпредметтердин арасынан көрүнөт.

Ощентип, кооз (сулуу) заттар-бул идеалдуу заттар, ушунун өзу универсалдуулук дегенди билдирет, болбой койбойстуктун көрүнүшү. Идеалдуу заттардын ичинен маңызы, реалдуу обьективдүүлүктүн чындыгы алда канча ачык көрүнөт, ошондуктан биз айтабыз, кооздук-бул обьективдүү реалдуулуктан маңызы, мындайча айтканда чыныгы форума;бытиенин принциби сыяктуу, абстракттуу затты ала турган болсок, ал конкретүү”.

Искусстводогу сулуулук(кооздук)-бул дагы өз алдынча идеалдуу сүрөттөө,чагылдыруу жана айтып бурүү: “Искуствонун идеалдуу булагы реалдуулук гана болот. Эгер реалдуулукта типтүүлүк болбомо, эч кандай шарттарда искусстводогу идеалдуулук болмок эмес”[8, 41-64-б].

“Искусствонунидалы шексиз,обьективдүү реалдуулуктун предметтерин, реалдуулуктун идеалын жкайталоо сыяктуу эле, жөнөкөй көчүрүп алуу болуп саналбайт, бул обьективдүү реалдуулуктун предметтерин универсалдуу кеңейтүү,терендетүү,борборлоштуруу, ошондой эле искусстводогу обьективдуу реалдуулуктун айрым предметтерин кайра түзүү”.

Сулуулук- бул идеалдуу ой толгоочулуктун сунушу. Цай И кийинчерээк эргүүнүн марксизмдин классикалык чыгармаларынан алгандыгын айткан. Ал мындай дейт:

“Сулуулук – идеал-деген пикир, менин оюмча, биринчи жолу”Азыркы кездин стили жөнүндө ой толгоолордо”айтылган. Эн башкысы, ал реализм жана идеал жөнүндөгүМаркс жана Энгельстин теорияларын менин түшүнүгүм боюнча негиздеген жана өнүктүргөн,ошондон улам,искусстврнун кооздугу жөнүндө айтканда, ал искусствонун сулуулугу искусствонун идеалында камтылган жана идеалдын өзү ошол”.

“Жаңы эстетика” “идеалдын маанисин жана айырмасын түшүндүрөт, ал жөнүндө бул жерде мындай айтылат: Аадамда бардыгы түрлөргө бөлүнгөн, бардык нерселер турлөрдүн бөтөнчүлүктөрү жана касиеттери менен жаралган. Айрым өздөрүнүн түрүнө дайым баш ийген заттар,чексиз аралашып турушат,бирок бир гана форма-эң баштапкы жана чечүүчү. Алсак, туш челек формасы жактан квадраттык форманын түрүнө кирет. Түсү боюнча-кара түстүн кичи түсүнө кирет, материалы боюнча таштын кичи түрунө кирет, а башкы жана чечүүчүтүрүү-бул жазуу шаймандары[9, 592-бет]. Бардык түрлөр эки чоң категорияга бөлүнөт: табигый(нукура) түр жана социалдык түр болуп. Табигый түр бул бийик жана жалпыз түр болуп экиге бөлүнөт,бийик түр жапыз түр үчүн чечүүчү мааниге ээ, анткени толугу мененуниверсалдуулукту,зарылдыкты билдирет”.

Материалдык дүйнөнүн артыкчылык касиеттери бар

материалдык дүйнөнүн артыкчылык касиеттери бар салыштырмалуу түрдө кыйла толук жана бай көргөзөт, ошонусу менен предметтин маңызын андан да толук жана бай чагылдырылат. Универсалдуулук, болбой койбостук-бул касиеттерге ээ өзүнчө заттар, биз демейде аларды стандартуу деп коебуз, ошондой эле,биз жогоруда айтып кеткен идеалдуу заттар, кооз заттар бар. Типтүү түрлөрдө типтүү идеалдуугу бар, бул эң чоң жогорку класстагы титүү заттар, эң жогорку класстагы кооз предметтер[10,592-б].

А түрлөрдүн вертикалдык катардагы категориясында баары типтүү түрлөр, ошол түрдүн типтүү индивимдуумдары, ал турсун идеалдуулуктун сектеми, сулуунуктун чектеми, биз бул жерде эң жогорку түрдү жана бир идеалды көрүп турабыз. Эгер ошондой болсо, анда слуулук өтө аз болуу керек жана өтө эле бир жактуу. Мындан тышкары,бардык идеалдар өзгөрөт, ошондуктан түбөлүк сулуулук жок.адам коомунда ушуга окшогон нерсени мүмкүн түзүүгө болот,табият дүйнөсүндө баары башкача, анткени өсүмдүктөр,айбанаттар,органикалыктар,органикалык эместер,тоолор,суулар,жер-дайыма өзгөрүп турушат. Бул табигый дүйнөнүн түрлөрүнүнүнсистемалуулукту жана олуттуу өгөрүүлөрдүн же кырсыктардын пайда болушу деген ушул; бул эгер муз доорунун мезгилди келген жэ башка планеталыктаркол салганда жэ ушуга окшогон кыйраткыч катастрофа болгон шарттарда гана болушу мүмкүн[11].

Жаны эстетиканын бул карама-каршылыктары жана маселелери Цай Инин ошол кезде али толук жетиле элек теориялык көз караштарын билдирет. Кийин ал “Жаңы этетиканын” кемчиликтерин жана эске албагандарын мойнуна алды жана аларды оңдоону жана ал турсун, кайра жазаарын айтты. Бирок, өмүрүнүнүнжарымына чейин ал айткагдарын аткара албагандыгын менен 20кылымдын экинчи жарымындагы улуу дискуссияда ал өзүнун мурдагы идеяларын жана теорияларын байытты жана өнүктүрдү[12, 245-247-б].

***Адабияттар***


*1. Асаналиев К. Движение во времени. / К.Асаналиев. - Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – 276- б.*

*2. Айткеев К. Чыгармалар жыйнагы. / К.Айткеев. – Б., 2014. - 8 томдук.*

*3. Сартр Ж.-П. Экзистенциализм – это гуманизм. В кн.: Сумерки богов. /Ж.-П.Сартр. - М.: Политиздат, 1989. – 322-б.*

*4. Тагаев Б. ЦАЙ Инин чыгармачылыгындагы трагедиялуулук. / Б.Тагаев. - Б. 2005. – 152 -б.*

*5. Топер П. Красота в искусстве XX века / П.Топер // Вопросы литературы. – 2000. – №2.*

*6. Шеллинг Ф. Философия искусства./Ф.Шеллинг. - М., 1966.*

*7. Шестов Л. Достоевский и Ницше. / Л.Шестов. – М.: АСТ, Фолио, 2001.*

*8. Шиллер Ф. О трагическом искусстве / Шиллер Ф. - М., 1957. - Собр. соч. в 7 т. – Т. 6. - С. 41-64*

*9. Кыргыз адабияты: энциклопедиялык окуу куралы – 2004 ж. 592-бет*

*10. Гегель. Эстетика. / Гегель. - М., 1971. - т. 3.– 592-б.*

*11. Лессинг Г.Э. Гамбургская драматургия. / Г.Э. Лессинг. - М., 1883.*

*12. Карыбекова М. Көркөм сүрөт өнөрү жана анын түрлөрү // Вестник Бишкекского гуманитарного университета им. К.Карасаева. – 2009. - №5. – С.245 - 247.*



***УДК: 801. 6 (575.2) (04 )***
***DOI: 10.35254/bhu/2022.59.48***



***Жумаева Г. З.,***
*И. Арабаев атындагы КМУ,*
*Мамлекеттик тил жана маданият институту*


## КУЛ КОЖО АХМЕД ЯССАВИНИН ЫРЛАРЫНДАГЫ ДИДАКТИКАЛЫК ОЙ-ТОЛГООЛОР


### *Кыскача мазмуну*

*Бул макалада орто кылымдар (10-12-кк.) аралыгында жашап, “олуя акын” аталган Кул Кожо Ахмед Яссавинин өмүрү жана чыгармачылыгы каралат. Сөз алды менен Кул Кожо Ахмед Яссавинин туулган жана жашаган жерлерин тактоо маселелерине көнүл бурган түркolog окумуштуулардын ой пикирлери берилет. Өзгөчө акындын балалык чагына байланыштуу элдик икая-аңгемелердин бири мисалга тартылып, мезгилдер өтүп, мифологиялык мотивдер менен шөкөттөлүп, “олуя акын” аталып калышына негиз болгон шарт-жагдайларга көңүл бурулду. Бизге келип жеткен жалгыз чыгармасы “Ырлар жыйнагынын” (“Дивани кихметтин”) мазмуну диний-мистикалык багытта болуп, исламдын негизине таянган суфийлердин философиялык жана дидактикалык ой-толгоолору адабий талдоого алынат. Ушундан улам Кул Кожо Ахмед Яссавинин орто кылымдагы суфий агымын негиздеген суфий акын экендиги мисалдар менен тастыкталат.*



***Түйүндүү сөздөр:*** *коом, саясат, ислам, суфизм, куран, аят, хадис, акын, айтыш, заман.*